КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ УЛУТТУК АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯ

НАЦИОНАЛЬНАЯ АТТЕСТАЦИОННАЯ КОМИССИЯ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

8-июнь 2022-ж. № 46 Бишкек ш.

**И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы, Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университети жана С. Б. Данияров атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институтуна караштуу Д 14.20.620 диссертациялык кеңешти бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын ЖАКынын 2020-жылдын 30-октябрындагы № 33 буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 2-сентябрында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө ПЖ № 377 Жарлыгы менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө» жобону, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө ПЖ № 12 Жарлыгы менен бекитилген Диссертациялык кеңеш жөнүндө жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын президиумунун 2022-жылдын 2-июнундагы № 328 токтомунун (№ 5д/к-4/15 протоколу) негизинде **буйрук кылам:**

И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы, Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университети жана С. Б. Данияров атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институтуна караштуу Д 14.20.620 диссертациялык кеңешти бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын ЖАКынын 2020-жылдын 30-октябрындагы № 33 буйругуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1. Д 14.20.620 диссертациялык кеңешинин курамынан 14.01.11 – нерв оорулары (авторефераты боюнча) адистиги боюнча диссертациялык кеңештин төрагасы м.и.д., проф., КР УИАнын акад. Мурзалиев Арыстанбек Мурзалиевич мезгилсиз дүйнөдөн кайткандыгына байланыштуу чыгарылсын.
2. Д 14.20.620 диссертациялык кеңешинин курамына 14.01.11 – нерв оорулары (авторефераты боюнча) адистиги боюнча медицина илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды кароо укугу менен С. Д. Асфендияров атындагы Казак Улуттук медициналык университетинин нерв оорулары кафедрасынын башчысы м.и.д. Туруспекова Сауле Тлеубергеновна киргизилсин.
3. Д 14.20.620 диссертациялык кеңештин мүчөсү м.и.д., проф. Чубаков Тулеген Чубакович диссертациялык кеңештин төрагалыгына дайындалсын.

**Төрага** **Б. К. Тыналиева**